**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

"Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 10-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Жер мунапысын жүргүзүүгө арыздарды кабыл алуу 2025-жылдын 1-июлунда аяктайт.";

– 18-пункттун төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $18^1$-пункт менен толукталсын:

"$18^1$. "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына киргизилген жерлерде жайгашкан жер мунапысынын субъектилерине бекитилип берилүүчү жер участогунун өлчөмү жалпы пайдалануудагы жерлерди эсепке албастан ээлеп турган жер участогунун иш жүзүндөгү чектерине жараша белгиленет.

"Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясына киргизилген жерлерде жайгашкан жер мунапысынын субъектилерине бекитилип берилүүчү жер участогунун өлчөмү жеке турак үй куруу үчүн ушул айыл аймагында же калктуу конушта бекитилген чектүү аянтка жараша жерге жайгаштыруу схемасына жана долбооруна ылайык белгиленет.";

– 25-пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү жана төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

“Тутумдук же өз ыктыяры менен жеке турак жай куруу үчүн жер участокторуна укук катары мамлекеттик каттоодон өткөн жер участокторуна жергиликтүү мамлекеттик администрация же шаардын мэриясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ыйгарым укуктуу бөлүмүнүн) арызынын негизинде коомчулукка билдирүү жол-жоболорун өткөрбөстөн жана ушул Жободо каралган жерге жайгаштыруу схемаларын жана долбоорлорун бербестен укук ээлеринин тизмесин бекитүү жөнүндө чечим чыгарат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрация же шаардын мэриясы тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ыйгарым укуктуу бөлүмүнүн) арызынын негизинде коомчулукка билдирүү жол-жоболорун өткөрбөстөн жана ушул Жободо каралган жерге жайгаштыруу схемаларын жана долбоорлорун бербестен укук ээлеринин тизмесин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин, багбанчылык-дача жер участокторун кошпогондо, жер участоктору менчик ээлеринин макулдугусуз “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулду (трансформацияланды) деп эсептелет.”.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**О внесении изменений в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке проведения земельной амнистии» от 31 мая 2022 года № 291**

В соответствии со статьями 6, 10 Закона Кыргызской Республики «О регулировании земельно-правовых отношений», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Внести в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке проведения земельной амнистии» от 31 мая 2022 года № 291 следующие изменения:

в Положении о порядке проведения земельной амнистии, утвержденном вышеуказанным постановлением:

– пункт 2 дополнить абзацем следующего содержания:

«Прием заявлений на проведение земельной амнистии, завершается 1 июля 2025 года.»;

– абзац четвертый пункта 18 признать утратившим силу;

– дополнить пунктом $18^1$ следующего содержания:

«$18^1$. Размер земельного участка, закрепляемого за субъектом земельной амнистии, расположенного на землях, отнесенных к категории «Земли населенных пунктов», устанавливается исходя из фактических границ занимаемого земельного участка, с вычетом земель общего пользования.

Размер земельного участка, закрепляемого за субъектом земельной амнистии, расположенного на землях, отнесенных к категории «Земли сельскохозяйственного назначения», устанавливается согласно схеме и проекту землеустройства, исходя из предельной площади, утвержденной в данном айылном аймаке или населенном пункте для строительства индивидуального жилого дома»;

– пункт 25 дополнить абзацами третьим и четвертым следующего содержания:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

«На земельные участки, прошедшие государственную регистрацию в системном или явочном порядке как права на земельные участки под индивидуальное жилищное строительство, местная государственная администрация, мэрия города выносит решение об утверждении перечня правообладателей, на основании заявления органов местного самоуправления (уполномоченного подразделения органа местного самоуправления), без проведения процедур общественного оповещения и представления схем и проектов землеустройства, предусмотренных настоящим Положением.

После принятия решения местной государственной администрацией или мэрией города об утверждении перечня правообладателей на основании заявления органов местного самоуправления (уполномоченного подразделения органа местного самоуправления), без проведения процедур общественного оповещения и представления схем и проектов землеустройства, предусмотренных настоящим Положением, за исключением садово-дачных участков, земельные участки считаются переведенными (трансформированными) в категорию «Земли населенных пунктов» без согласия собственников.».

2. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН